**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**7 класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Айнура таблицада көрсөтүлгөн, кургатылган мөмө-жемиштердин бардык түрүнүн ар биринен 200 граммдан буюртма (заказ) берген. Эгер товардын баасына төмөнкүлөр кирген болсо Айнура бул белек үчүн канча сом төлөйт:

- Таблицада көрсөтүлгөн баалар боюнча кургатылган жемиштердин наркы;
- Белектердин каалагандай түрүн коохдоп таңып берүү-600 сом;
- Кардарга курьердин жеткирип берүүсү-200 сом.

**Туура жооп берүү үчүн, бир туюнтманы тандагыла:**

А) 200·(35+95+114,4+75)+600+200
Б) 2·(35+95+114,4+75)+600+200
В) 0,2(350+950+1144+750)+600
Г) 0,2(0,35+0,95+11,44+0,75)+600+200



**Danek**

«Danek» фирмасы экологиялык жактан таза шарттарда өстүрүлгөн жогорку сапаттагы кургатылган жемиштерден жана жаңгактардан жасалган белек комплекттерин сунуштайт. Алар даамдуу, аш болумдуу жана ден-соолукка пайдалуу. Мындай даамдуу белектер эч качан текчеде чаң басып жатпайт, тамшанып жешет.



Айнура апасына «Danek» фирмасынын кургатылган мөмө-жемиштердин топтомунан белек камдоону чечип буюртма (заказ) кылды. Буюртма (заказ) берилген күнү фирманын кампасында кургатылган жемиштердин төмөнкү түрлөрү болгон.

| № | Аты | Баасы 100 г үчүн, сом менен |
|---|---|---|
| 1 | Сары мейиз "Калифар" | 35,0 |
| 2 | Курма сорту "Королевский Меджуль" | 95,0 |
| 3 | Кешью | 114,4 |
| 4 | Мисте | 75,0 |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Таблицада шаардын базарларындагы кургатылган жемиштердин баасы (1 кг сом) көрсөтүлгөн.

| № | Аты | Danek сом/кг | Ош базары сом/кг | "Весна" соода борбору сом/кг |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сары мейиз "Калифар" | 350 | 250 | 263 |
| 2 | Курма сорту "Королевский Меджуль" | 950 | 900 | 1311 |
| 3 | Кешью | 1144 | 1060 | 1060 |
| 4 | Мисте | 750 | 680 | 700 |
| 5 | Кооздоп таңып берүү | 600 | 300 | 300 |
| 6 | Транспорттук кызматтар | 250 | 200 | 50 |

Бааларды изилдеп көрүп, Айнуранын апасы белек комплекттерин өзү жасоону чечти.
Белек таблицадагы жемиштердин ар бир түрүнөн 200 граммдан түзүлдү. Эки окшош белекти өзү даярдаган, Айнуранын апасы акчадан үнөмдөдүм деген ишенимде болгон. Эгер апасы белектерди эң ыңгайлуу баада даярдоону тандап алса, анда ал кайсы соода мекемесинин кызматын пайдаланган?

**Бир туура жооп тандагыла:**

А) «Danek»
Б) Ош базары
В) «Весна» соода борбору

**Чыгарылышын жазгыла:**

**Danek**

Айнуранын апасына кызынын белеги жагып, ал дагы курбуларына так ошондой белекти тартууламакчы болду. Бирок фирмага белектерге буюртма берерден мурун шаардын базарларында жана соода борборлордо кургатылган жемиштердин баасын билип коюуга кызыктар болду.



**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Айнура жума күнкү акциядан пайдаланып, 1350 сомдон 1500 сомго чейинки топтом сатып алууну чечти. Айнура жума күнү кургатылган жемиштердин топтомун алгысы келген дагы эки курбусун ээрчитип келип, кайсы топтомдорду сатып алса болот (арзандатууну эске алуу менен).

Таблицада акцияга туура келген топтомдордун аталыштары көрсөтүлгөн.

**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

| № | Топтомдун аты | Топтомдун баасы, сом |
|---|---|---|
| 1 | Жаңгактуу бейиш | 2000 |
| 2 | Жогорку сапаттагы кургак өрүк | 1700 |
| 3 | Падыша даамы | 1800 |




**Danek**

«Danek» фирмасы ар жума күнү “Досуңду алып келип 15% арзандатуу ал”, “Эки досуңуду алып келип 20% арзандатуу ал” акциясын өткөрүшөт.

